УДК 894, 341
DOI: 10.35254/bhu.2021.54.14

***Акылбекова Алтынай** – И.Арабаев атындагы*
КМУнун аспиранты
altysha_1793@mail.ru

КӨРКӨМ АДАБИЯТТАГЫ ПОРТРЕТТИК СҮРӨТТӨӨЛӨРДҮН ТҮРЛӨРҮ, ЫКМАЛАРЫ

ВИДЫ И ПРИЕМЫ ОПИСАНИЯ ПОРТРЕТА В ХУДОЖЕСТВЕННОЙ ЛИТЕРАТУРЕ

TYPES AND METHODS OF DESCRIPTION OF A PORTRAIT IN ARTISTIC LITERATURE

***Аннотация:** Ар бир адам бул личность, ал өзүнө гана тиешелүү сапаттарга, тулку-бойго, тилдик жана кыймыл-аракеттик адаттарга, адамды башкалардан айырмалап турган көз карашка дүйнө таанымга ж.б. ээ. Ошол себептен, адамдын образын чагылдырыш үчүн сүрөткер, аны ар тараптан карап, бардык тараптан баалап тартканга аракет кылат. Анын кийген кийиминен баштап, жүзүндөгү өзгөчөлүк, ой жүгүртүүсү, жашаган жери, социалдык абалы, табиятка болгон мамилеси ж.б. бардыгы кызыктуу, маанилүү. Адабиятта бул өзгөчө көркөм формага ээ болот. Автор адабий каармманды, образдарды мүнөздөп берүү үчүн сөз менен анын портретин түзөт. Макалада көркөм сүрөттөөнүн бир түрү болгон портреттик сүрөттөөлөрдүн принциптери, ыкмалы жөнүндө кеңири сөз болот.*

***Түйүндүү сөздөр:** адабий портрет, портреттик сүрөттөө, кейиптер, образ, социалдык абалы, сапат, мүнөздөө, деталь*

***Аннотация:** Каждый человек - личность, которая зависит только от его собственных качеств, тела, языка и поведенческих привычек, отношений, мировоззрений, отличающих его от других. Поэтому, чтобы отразить образ человека, художник старается посмотреть на него со всех сторон и оценить его со всех сторон. Одежда, черты лица, мышление, место жительства, социальный статус, отношение к природе - все это интересно и важно. В литературе это приобретает особую художественную форму. Автор создает портрет литературного персонажа, описывающийся его словами. В статье рассматриваются принципы и методы портретной живописи как формы художественного описания.*

***Ключевые слова:** литературный портрет, портретное описание, персонажи, изображение, деталь.*

***Annotation:** Each person is a personality that depends only on his own qualities, body, language and behavioral habits, relationships, worldviews that distinguish him from others. Therefore, in order to reflect the image of a person, the artist tries to look at him from all sides and evaluate him from all sides. Clothes, facial features, thinking, place of residence, social status, attitude to nature - all this is interesting and important. It takes a special artistic form in literature. The author creates a portrait of a literary character describing him in words. The article examines the principles and methods of portrait painting as a form of artistic description.*

***Keywords:** literary portrait, portrait description, characters, image, detail.*

Адамдын жан-дүйнөсүн, кылган иш-аракеттерин, сезимин көрсөтө алышы же албашы, турмуштун чоң ийгиликтерине умтулуусу же умтулбашын изилдөө бул искусствонун анын ичинде көркөм адабияттын маанилүү милдеттеринин бири болуп эсептелинет. Адабиятта сөз кудуре-

ти менен ар кандай турмушту терең жана көп тараптуу берүүгө болот. Башкача айтканда, каармадды же образды ачып бериш үчүн адамдын ички дүйнөсүнөн сырткы көрүнүшүнө чейин сүрөттөп берүү керек. Адабият таанууда сүрөттөөнүн үч түрү бар: портрет, пейзаж жана интерьер [1]. Булардын ичинен портреттик сүрөттөөгө токтолсок, адам менен таанышуу анын сырткы көрүнүшүнөн башталаары анык. Чыгармада дагы автор өзүнүн каарманын тааныштырууда алгач анын портретин түзүүдөн баштайт. Портрет сөзүнүн бир нече маанисин карап көрсөк:

1.Портрет (фр. Portrait) – белгилүү бир адамдын жипописттик, скульптуралык сүрөтү [2].

2.Портрет – адамдын сүрөттөгү, картинадагы, адабияттагы каармандын образы, сүрөттөлүшү [3].

3.Портрет – адамдын жүзүн, өзүнө гана тиешелүү белгилери менен сүрөттөө, жүз (облик) маанисинде [4].

4.Портрет – көркөм адабияттагы каармандын чыгармадагы ролунун ар түрдүүлүгүн чагылдырыш үчүн, анын сырткы формасын (фигура) кийимин, ымдоо-жаңсоосун ж.б. кошо сүрөттөп көрсөтүү [5].

Кыргыз тилинде затты, табиятты же жансыз буюмду атап, өзгөчөлүгүн баяндап берүү ыкмасын "сүрөттөө"-"описывать", "сүрөттөмө"-"описание", "сыпатта"-"описывать", "расхваливать" деген синонимдик маанидеги сөздөр менен айтылат [6]. Ал эми К. Асаналиев жана Р.З. Кыдырбаеванын "Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү" китебинде, каармандын сырткы кебетекешпирин, түспөлүн, кийим-кечесин сүрөттөө "портрет" деп аталарын, жазуучу каармандын портретин тартууда ар түрдүү ыктарды колдонушу ыктымал экендиги жазылган [7].

Көркөм адабияттагы портреттик сүрөттөөлөрдүн жаралышы адамдын образын түзүү керек болгон учурдан башталат. Автор өзүнүн каармандарынын мүнөзүн ачат жана каармандарынын сырткы көрүнүшүн: жүзүн, кийимин, кыймыл-аракетин, ымдоо-жаңсоолорун сүрөттөө аркылуу өзүнүн идеялык мамилесин билдирет. Байкап көрсөк, бул бөлүштүрүүлөр адабий порттреттин түшүнүктөрү менен окшош келет. Каармандын мүнөзүн, анын сүрөттөлүшүн, тандап алган адамды сөз менен тартуу жана "прозадагы портрет", "лирикадагы портрет" деген түшүнүктөр менен байланыштуу.

Прозадагы портрет – көркөм ыкма катары каармандын образын түзүүдө, анын жан дүйнөсүн чагылдырууда, сырткы жана ички түзүмүн ачып берүүдө колдонулат. Лирикалык поэзиядагы портрет – живопись сыяктуу эле анын предмети, сүрөттүн негизги максаты, бир эле учурда автордун дүйнө таанымын билдирүүчү курал. Демек, портретти түзүүдө кандайдыр бир каармандын ички ой-толгоосун, сезимдерин, мүнөзүн сүрөттөө менен анын сырткы келбетин сөз менен тартуу десек болчудай. Автор же айтуучу тигил, бул турмуштук кырдаалдарга байланыштуу каармандын сырткы көрүнүшүнүн же абалын ар түрдүү ыкмада бериши мүмкүн. Мисалга, Манастын балакатка жетип балтыры толуп, мүнөзү калыптанган кезиндеги портреттик мүнөздөмөмүн алып көрөк, айтуучу тарабынан өтө идеалдуу сапаттары ар тараптуу чечмеленет:

Астыңкы эрди албайып,
Үстүнкү эрди далбайып,
Ар муруту сеңирдей,
Айбаты албарс темирдей,
Мурину тоонун кырдачтай,
Муруту чөлдүн камыштай.
Алтын менен күмүштүн,
Шүрөөсүнөн бүткөндөй,
Асман менен жериңдин
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен күнүндүн
Бир өзүнөн бүткөндөй.("Манас" эпосу: Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. - Бишкек, 2006)

Ушул белгилердин жыйынтыгынан келип каармандын сырткы көрүнүшүнүн толук портрети түзүлөт. Эпикалык чыгармалардагы каармандар адаттан башкача гиперболалык мүнөздө тартылаарын айта кетишибиз керек. Ошондой эле, портреттик сүрөттөө автор тарабынан эмес, чыгармадагы каарман тарабынан берилиши мүмкүн. Ушул эле "Манас" эпосунун Жусуп Мамайдын вариантындагы Нескаранын Манасты сүрөттөгөнүн мисалга алсак:

Күүгүм туман көздүү экен
Майлаган буудай жүздүү экен.
Ачуусу келсе кокустан,
Азрейил түстүү экен.
Кулагын көр калкандай,
Тийчүүдөй турат жалтанбай.
Кулжуңдаган кишини,
Майдалап койсо эрки экен.
Чондугу тоонун нары экен.
Толкуну көлдүн шары экен.

Элдик оозеки чыгармачылыктагы каармандардын портрети айтуучунун айтуучулук чеберчилигине жараша көркөмдөлөт жана сүрөттөлөт. Жогоруда айтылгандай, портреттик сүрөттөөнүн чыгарманын композициясындагы орду маанилүү ошол менен катар ар түрдүү болот. Элдик чыгармаларга салыштырмалуу профессионалдык адабиятта жазуучу каармандын сырткы көрүнүшүн дароо эле толук түрдө сүрөттөйт. Касымалы Жантөшевдин "Эки жаш" повестиндеги Айнагүлдүн портретин окуп көрөлү: "Келиндин мүчөсү келишкен, алыстан караганда аркар сыны бар, аркасында эки өрүп чачы, көлөкөдө өскөн кайыңдын шагындай самсаалап, толорсуган өтүп турат. Кызыл нурдуу бетине, кырдач мырын, кыйгач кашты эп кыйып, каухар ташка кал салып ойноткондой болгон кош кара көзү, ажар көркүн арттырып,

алда кимди эрксиз өзүнө тартат. Ак жибек көйнөк, кызыл дукаба бешмант, кызыл жибек жоолук, бутундагы кара туфлий, саргылт жибек байпак, омуроодогу кызыл шуру, ак седеп, тумарчалап жазалган күмүш чач учтук сулуунун көркүн чыгарып, көрүнүшүн миң кубултат". Бул үзүндүдөн чыгарманын каарманы Айнагүлдүн портрети толук берилгенин байкасак болот. Бирок толук сүрөттөөгө орус элинин жазуучусу Л.Н.Толстой каармандардын көркөм портретин түзүүдө сюжетке байланыштуу түзүлүшү керектигин жазат. Себеби окурман, биринчи барагында каарман жөнүндө окуган маалыматтарын бир нече эпизоддордон кийин унутуп калышы мүмкүн экендигин жазат.

Каармандын портретин түзүү түшүнүгүнүн кенендигине карабастан, портреттин типологиясы азыркыга чейин аныкталбагандыгын советтик жана орус элинин адабият таануучусу В.Е.Хализев белгилеп, портреттин тарыхый типологиясын идеалдаштырылган портрет жана психологиялык анализ менен байланышкан портрет экиге бөлүп карайт. Бул бөлүштүрүүлөрдү лейтмотивдик жана экспозициондук портрет деген терминдер менен атоону сунуштаган [8]. "Лейтмотив" сөзүнүн келип чыгуусун этимологиялык жактан аныктасак, бул музыкага тиешелүү термин. Немец музыка таануучусу Фридрих Вильгеьм Йенс 1871-жылы операга музыка жазууда киргизген. Адабият жанрында бул термин кийинчирек колдонулуп, немец тининен бизче которгондо "маанайды алып жүрүүчү" деген сөзгө маанилеш келет. Мисалга: Акындар поэзиясынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири Барпы Алыкуловдун "Дарыйкага" деген арноо ырынан үзүндү окуп көрөлү:

Илебиң жанган оттойсуң,
Ырдасан бойду козгойсун,
Мукамдан созгон үнүңдү,
Булбулдан алган окшойсуң,
Кабагың ачык гүл экен,
Карындаш үнүн үн экен.
Улгайган мени ушинтсең,
Уландар кантип жүрдү экен...

Дарыйканын ыры, обону, үнү өзүнчө бир жаралган керемет окуя катары сүрөттөлүп, толкундоо, кубануу сезимдери менен коштолуп сүрөттөгөндүгү байкалп турат.

Демек, каармандын же чыгармадагы образдын аты менен кошо айтылуучу, маанайды алып жүрүүчү портреттик сүрөттөөлөрдү лейтмотивдик, ал эми каарман биринчи пайда болгондо, анын сырткы көрүнүшүн, социалдык абалын билдирип туруучу белгилерди ж.б. сүрөттөп көрсөтсө экспозиялык түргө киргизүү керектигин жазган.

Ошондой эле, ф.и.д., профессор М.Г.Уртминцева портреттин үч түрүн: өздүк портретке чыгарманын авторунун жеке көз карашы боюнча кейипкердин сырткы келбетинин сүрөттөшүн киргизсе, окурман же чыгармадагы башка каармандын же кейипкердин жеке пикиринде пайда болгон ойду визуалдык образ, "башканын" жана баяндоочунун ой пикири байлашышкан пикирди портреттик мүнөздөмө деп бөлүп көрсөтөт [9]. Ар бир аталган портреттик сүрөттөөнүн түрлөрүндө каармандын ички дүйнөсүн ачып, автордун кейипкерге болгон түз же орток баалоосу камтылат. Ушул сыяктуу бөлүштүрүүлөрдү педогогикалык психология тармагынын адистери И.В.Страхов жана Л.А.Юркина классификациялашкан. И.В.Страхов Л.Н.Толстойдун триологиясынын каармандарынын негизинде портреттин динамикалык жана статикалык (статический) деп эки түрүн белгилеген. Л.А.Юркина анын оюна кошулуп, "статикалыкка жакын экспозициондук портрет жана динамикалык" деп бөлүштүрөт. Статикалык портретке кейипкердин өзгөрүлбөгөн сырткы келбетинин: боюнун узундугу, дене түзүлүшүнүн өзгөчөлүгү, тери, көз жана чачтарынын өнү ж.б. объективдүү белгилерин берет. Динамикалык портретке ымдоо (бет булчуңдардын кыймылын) жана жаңсоолордун өзгөрүшүн, басуу жана дене кыймылынын өзгөчөлүгүн, сүйлөө манерасын (үн, интонация, дикциясынын мүнөзү) киргизет. Портреттик сүрөттөөлөр портреттик мүнөздөмө берүүдө көп колдонулуучу жана эң жөнөкөй түрү болуп эсептелинет. Чыгарманы окуп, каармандарына баа берүүдө дагы анын башкалардын айырмаланган белгилерин атайбыз. Ушу себептен портреттик сүрөттөөлөр көлөмү боюнча кенен же бир-эки портреттик деталь сүрөттөлгөн кыска (фрагментүү) болушу мүмкүн.

Ошентип, көркөм адабияттагы портреттик сүрөттөө, каармандын сыпатын айтып берүү гана эмес баа берүүчү кызматты аткараарын, ал эми портреттин типтери автор тарабынан берилүүчү портреттик сүрөттөлөр ар түрдүү болушу мүмкүн экендинигин билдик.

Адабияттар

1. *Тамарченко Н.Д., Тюпа В.И. Теория литературы. – М., 2004*
2. *Словарь иностранных слов. –М., 1988.*
3. *Ожегов С.Словарь русского языка. – М.,1990.*
4. *Даль В.Толковый словарь. – Санкт-Петербург, 1880.*
5. *Словарь литературоведческих терминов. – М., 1974.*
6. *Юдахин К. Русско-кыргызский словарь. – Б.: Шам, 2000.*
7. *Асаналиев К., Кыдырбаева Р.З. Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү. –Б., 2005.*
8. *Хализев В.Е. Теория литературы: Учеб. –М.: Высш. шк., 2002.*
9. *Уртминцева, М. Г. Литературный портрет в русской литературе второй половины XIX века. Генезис, поэтика, жанр, монография. – Н. Новгород, 2005.*

Рецензент: ф. и. д. М. Көлбаева